***Абакирова А.Р.,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***илимий кызматкер,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

# КЫРГЫЗСТАНДА ИНКЛЮЗИВДИК БИЛИМ БЕРҮҮ: ПРОБЛЕМАЛАРЫ ЖАНА ПЕРСПЕКТИВАЛАР

***Абакирова А.Р.,***
***научный сотрудник,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

# ИНКЛЮЗИВНОЕ ОБРАЗОВАНИЕ В КЫРГЫЗСТАНЕ: ПРОБЛЕМЫ И ПЕРСПЕКТИВЫ

***Abakirova A.R.,***
***Senior researcher,***
***Kyrgyz Academy of education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

# INCLUSIVE EDUCATION IN KYRGYZSTAN: HISTORY AND PROBLEMS

***Аннотация***: *Макалада инклюзивдүү билим берүүнүн максаты, маңызы жана мүнөздөмөлөрү, инклюзивдүү билим берүү маселелери каралат, “инклюзивдүү билим берүү”, “интеграция”, “инклюзивдүү”, “сегрегация” түшүнүктөрү аныкталган. Республикада инклюзивдүү билим берүү Концепциясын ишке ашыруу. Автор Кыргыз Республикасында инклюзивдүү билим берүүнү өнүктүрүүнүн көйгөйлөрүнө жана келечегине өзгөчө көңүл бурат.*

***Аннотация:*** *В статье освещается цель, сущность и особенности инклюзивного образования, рассматриваются вопросы инклюзивного образования, дается определение понятиям «инклюзия», «инклюзивное образование», «интеграция», «сегрегация». О внедрении Концепции инклюзивного образования в Кыргызской Республике. Особое внимание автор уделяет на проблемы и перспективы развития инклюзивного образования в Кыргызской Республике.*

***Annotation****: The article highlights the purpose, essence and features of inclusive education, Ыdiscusses issues of inclusive education, and defines the concepts of "inclusion", "inclusive education", "integration", and "segregation". Introduction of the Concept of inclusive education in the Kyrgyz Republic. The author pays special attention to the problems and prospects of development of inclusive education in the Kyrgyz Republic.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *мүмкүнчүлүгү чектелген балдар, инклюзивдүү билим берүү, адаптация, инклюзивдүү, интеграция, сегрегация.*

***Ключевые слова:*** *дети с ограниченными возможностями здоровья, инклюзивное об-*

*разование, адаптация, инклюзия, интеграция, сегрегация.*

***Key words:*** *children with disabilities, inclusive education, adaptation, inclusion, integration, segregation.*

Азыркы мезгилде инклюзивдүү билим берүү маселеси бүткүл дүйнөдө актуалдуу. Кыргыз Республикасында да ал көңүлдүн сыртында калган жок. Ар бир өлкө бул процесстин ар башка этабында иш жүргүзүүдө. Өнүгүүсүндө көйгөйлөрү бар балдардын саны жыл сайын көбөйгөндүгүнө байланыштуу бул маселе өзүнө дыкат көңүл бурууну талап кылат [1, с. 4]. Советтик мейкиндикте бардык аймакта бир эле программа, окуу китеби боюнча билим берилген. Окуучуларга ар бир предмет боюнча бирдиктүү талаптар коюлган [2, с. 49]. Майып балдар атайын мектептерде окуган. Инклюзивдүү билим берүү КМШда XX кылымдын башында чыкты. Инклюзивдүү билим берүүдө ар бир балага ар башкача мамиле кылуу менен, ылайыкташтырылган окуу планды, адаптацияланган программаны түзүү керек. Кыргыз Республикасында мүмкүнчүлүгү чектелген (МЧ) балдарга 90-жылдардын ортосуна чейин билим берүү чөйрөсүндө *сегрегация* орун алган.

*Сегрегация бул – мүмкүнчүлүгүт чектелген балдардын кадимки балдардан окуу процессинде бөлүнүшү (б.а. ал дискриминациянын бир түрү).* Инклюзивдүү билим берүү идеяларын ишке ашыруунун негизи болуп: КР мыйзамы, Бириккен Улуттар Уюмунун (1994) “Балдардын укугу жөнүндө” конвенциясы, КР “Билим берүү” (2003) жөнүндө мыйзамдары эсептелет.

*Инклюзивдүү (кошуп) билим берүү (фр.inclusif* – өзүн түзүүчү, лат. *Include* өзүнө кабыл алуу) мектепке чейинки жана мектептеги жамааттын жашоосуна МЧ балдарга толук катышканга мүмкүндүк берет. Инклюзивдүү билим берүү жамааттын бардык иштерине МЧ балдарды аралаштырып катышканга арналган. Азыр МЧ балдардын ар кандай муктаждыктарын канааттандырууга ылайыктуу усул-формаларды иштеп чыгууга КРнын ББжИМ, КББАнын адистери аракет кылууда. Эгерде инклюзивдүү билим берүүгө кирген өзгөрүүлөрдүн натыйжасында окуу процесси жакшырса, анда бардык балдар утушта болот. Бул – физикалык, психикалык, интеллектуалдык, маданий, этникалык жана башка өзгөчөлүктөргө карабастан, бирдей билим алуучу окуу процессин уюштуруу. МЧ балдар жашаган жериндеги мектепте өзүнүн курбу-курдаштары менен чогуу окуп билим алышат. Мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды орто мектептин жалпы окуучулары менен окутуу үчүн атайын шарттарды түзүп берүү зарыл.

Өнүгүүсүндө өзгөчөлүктөрү бар балдар менен кадимки балдардын бирге окуусу бир класста өтүш керек. Инклюзивдүү билим берүүнүн негизи – курчап турган дүйнө, коом МЧ балдардын муктаждыктарына ылайыктап адаптациялоо жана өзүнүн потенциалын өнүктүрүү үчүн аларга шарттарды түзүп берүү. “Интеграция” жана “инклюзивдүү” терминердеринин айырмасын түшүндүрө кетели. Интеграция – МЧ балдар кадимки балдар окуган мектепке көнүшү керек десе, инклюзивдүү – мектеп МЧ балдарды кабыл алганга даяр болушу керек”-дегенди билдирет. “Инклюзивдүү” деген сөздү укканда адамдар ден-соолугунун натыйжасында МЧ балдарды ойлошот.

ЮНЕСКОнун (1995) жобосуна ылайык, өзгөчө билим берүү муктаждыгына ээ балдар төмөнкүчө классификацияланат: эмоциялык-эрктик; кеп маданияты жеткиликтүү өнүкпөгөн; окуудагы кыйынчылыктары көп; акыл-интеллектуалдык жактан өнүгүүсүндө артта калган; физикалык – нейромотордук

жактан көйгөйлүү; көрүүсү жана угуусу начар; жагымсыз чөйрөдө өскөн; этникалык топко караштуулар; көчө балдары; СПИД /ВИЧ, кант диабети менен ооруган; онкология жана гематология менен ооруган; девианттык (жүрүм-туруму моралдык нормадан) четтеген; ички, тышкы мигранттар; өзгөчө жөндөмдүүлүгү бар (таланттуу, зээндүү) балдар. Жогорудагы тизмеге тобокелчиликке шарт түзүлгөн, опурталдуу жагдайда өсүп жаткан (деликвенттүү укуктук нормадан четтеген) балдар менен толукталат [3, с. 5-6].

2019-жылы Кыргыз Республикасында инклюзивдүү билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы иштелип чыккан. Концепциянын негизги максаты – билим берүү программаларынын вариативдүүлүгүн камсыз кылуу жана уюштуруу формаларынын көп түрдүүлүгү. Ошондой эле башталгыч мектептерде бардык сабактар боюнча адаптациялык программалар иштелип чыккан, бирок бекитиле элек [4]. Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан 2019-жылдын июль айында кабыл алынган “Кыргыз Республикасындагы инклюзивдүү билим берүүнү өнүктүрүү боюнча” токтому өтө маанилүү. Инклюзивдүү билим берүүнүн программасы 2019-жылы иштелип чыккан. Эксперттик топтун алдындагы маселе – атайын муктаждыктары бар балдарды окуу процессине кошуунун улуттук моделин калыптандырууга багытталган чараларды көрүү жана нормативдик укуктук базанын барын аныктап тактоо.

Инклюзивдүү балдар үчүн мектепте билим алуунун минималдуу стандарттары бекитилген, орто билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик стандарттын сынагы жүрүп жатат, мектепке чейинки, даярдоо программасына инклюзивдүү мамиле киргизилүүдө. Билим берүү жана илим министирлиги, ЮСАИД жана ЮНИСЕФдин колдоосу менен Кыргызстанда инклюзивдүү билим берүүнү киргизүү боюнча Концепцияны сунуш кылды. Аны ишке ашыруу үчүн Ош, Баткен, Жалал-Абад жана Чүй областтарында эки жылдык долбоор ишке киргизилди. Бул концепциянын негизинде түзүлгөн программа билим алуу мүмкүнчүлүгүн жакшыртуудан сырткары, мугалимдерге жана башка адисттерге балдарды окутууда жардам берет.

Бул долбоордун негизинде 10 мектепте жана 10 бала-бакчада МЧ балдарды окутуу механизимдери апробацияланды. 10 мектепте окуу жөндөмдүүлүгүн (окуу техникасын) жакшыртуу үчүн билим берүү киргизилди. Инструментарийлер (текшерүү ыкмалары) жана механизмдер долбоордун соңунда көптөгөн бала-бакчага жана мектептерге таратылат [5].

Коростылев Б.А., Котова Г.Л., Тер-Григорьянцтын Р.Г. пикири боюнча: “Инклюзивдүү билим берүүнү орто мектептерге киргизүү үчүн төмөнкү механизмдер болбосо, комплекстүү шарт түзүлбөсө инклюзивдүү мектеп боло албайт”. Бул программаны ишке ашыруу үчүн материалдык-техникалык, программалык-методикалык, окуучуларды социалдык-педагогикалык колдоо, кадрлардын камсыз болушу сыяктуу бүтүн комплекстүү чаралар зарыл [6.С.49].

Ата-энелердин, педагогдордун, эл-аралык фонддордун жардамы менен көптөгөн жетишкендиктерге ээ болгондугуна карабастан, Кыргыз Республикасында мектептерде инклюзивдүү билим берүүнү уюштурууда көптөгөн маселелер бар.

- китептердин, окуу-методикалык комплектердин жана колдонмолордун жетишсиздиги. Инклюзивдүү мамлекеттик стандарттардын негизинде иштелип чыккан жеке жана адаптацияланган окуу пландарын,

программаларын иштеп чыгууну талап кылат;

- мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу системасын түбүнөн кайра карап чыгуу (мугалимдердин даярдыгын камсыз кылган, атайын дисциплиналардан турган жаңы модулдарды кошуу) бардык педагогикалык топту кайра даярдоо зарыл;
- адистердин жетишсиздиги: логопеддер, психологдор, дефектологдор, тьюторлор (ассистент), социалдык педагогдор, адаптивдүү дене-тарбия боюнча адистер;
- материалдык-техникалык базанын жетишсиздиги, мектептердеги жалпы жана индивидуалдуу колдонулуучу атайын жабдыктардын жоктугу (материалдык-техникалык базасын жаңылоого каражаттын жоктугу);
- квалификацияны жогорулатууга жана педагогдордун айлык акысын төлөө үчүн мектепке бөлүнгөн субсидиялардын чектелиши;
- жалпы педагогдордун МЧ балдар менен иштөөгө кесиптик жана психологиялык жактан даяр эместиги (атайын ыкмаларга, методдорго, окуу каражаттарына ээлик кылбоо, толкундануу, коркуу, билим алууда өзгөчө муктаждыктарга ээ болгон балдар менен сүйлөшүүдө тажрыйбанын жоктугу);
- коомчулукта майыптарга терс мамиле кылуу, стереотиптер, чектелген ой жүгүртүү;
- мектепте медициналык колдоо көрсөтүүнүн жоктугу;
- инклюзивдүү билим берүүнүн декларативдүү мүнөздө болушу: аны ишке ашырууда так, даана калыптанган механизимдин жоктугу;
- Даун синдрому, аутизм, интеллектуалдык жактан артта калган балдар жалпы мектепти бүтүргөндөн кийин аттестат алуудагы кыйынчылыктын жаралуусу;
- билим берүү, эмгек жана социалдык өнүктүрүү, саламаттык сактоо министрликтеринде майып балдар жөнүндө ар-түрдүү маалымат бар, бирок маселелер комплекстүү чечилбей келе жатат жана арасында карым катнаш жок;
- жалпы билим берүү мекемелер менен атайын (коррекциялык) мекемелердин ортосундагы тоскоолдуктар;
- “инклюзивдүү мектептин” кабыл алынган улуттук индикаторлору жок.

Кыргызстандын жалпы билим берүү мектептерине инклюзивдүү билим берүүнү киргизүүдө азыркы учурда көптөгөн көйгөйлөр бар. Учурда бизде атайын психологиянын жана педагогиканын илимий-методикалык базасы бар, мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды окутууда топтолгон тажрыйба бар, ошондой эле өз балдарына кең келечек каалаган ата-энелер да арбын. Келечекте өлкөбүздүн билим берүү системасына инклюзивдүү билим берүүнү киргизүүнү ишке ашырса, бул билим берүү процессинин баардык катышуучуларына өзүнүн жакшы натыйжаларын бермек.

***Адабияттар:***


1. *Психология-медицина-педагогикалык консультация ишмердиги боюнча маалымат-методикалык окуу куралы. 2016. 4-б.*
2. *Добаев К.Д. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын жаңы этапта өнүгүүсү жөнүндө [Текст] К.Д. Добаев // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. – 2016 №2 (38). С. 49.*
3. *Кыргыз Республикасындагы билим берүүнү гендердик жана инклюзивдик өлчөө. Аналитикалык отчет. – Б., 2016. – 42-б.*

4. *Инклюзивдик класста индивидуалдык окуу планын ишке ашыруу боюнча колдонмо. – Бишкек, 2016. – 55-б.*
5. *Интернет ресурстары URL:http6//www/bulak.kg/show/5370*
6. *WPRKYRGYZSTAN: Кыргыз Республика-сындагы инклюзивдик билим берүү. Билим алуу укугунан ажыраган балдар. Электрондук ресурс//*
7. *Инклюзивдик билим берүү: натыйжа, тажрыйба жана келечек иштин жөнү. // Эл Аралык илимий – прктикалык Конференциянын материалдары жыйнагы. Ред. Алехина С.В.:М.: МГППУ, – 2016. 528-б.*


***Рецензент:***
***Асипова Н.А.,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***